КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
НООКАТ РАЙОНУ

КЕНЕШ
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН

КЕНЕШСКИЙ
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2025-жылдын 07-июлу № 148 Куу-Майдан айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндөгү" Жарлыгын аткаруу жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагында коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү, коррупциянын алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин колдонуу жана коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндөгү" Жарлыгы жана бул боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 3-июлундагындагы № 01-38/866 сандуу катын аткаруу жөнүндөгү Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 4-июлундагы № 01-25/3351 сандуу каты аткарууга алынсын.
2. 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы тиркемеге ылайык бекитилди (тиркелет).
3. Кеңеш айыл өкмөтүндө
   -иш-чаралар планын белигиленген мөөнөттө аткаруу боюнча зарыл чараларды көрүлсүн;
   -квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 3нө чейин Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын уюштуруу бөлүмүнө (укуктук тартип жана жарандык коргонуу маселелери боюнча жетектөөчү адиси-юристине) иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты берип туруу жагы Кеңеш айыл өкмөтүнүн коомдук коопсуздук боюнча жетектөөчү адиси М.Осмоновго милдеттендирилсин.
4. Буйруктун аткарлышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Ж.Исаевге жүктөлсүн.

**Башчы** **Абдылдаев А. К.**